**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**КОЧКОР-АТА КОЛЛЕДЖИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**КОЧКОР-АТИНСКИЙ КОЛЛЕДЖ**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА**

# Кочкор-Ата колледжинин административдик кеңешинин чечими (2022-2023- окуу жылы)

**№ 10**

19.12.2022-жыл Кочкор-Ата шаары

Төрайымы- Назарбаева Б.С.
Катчысы- Джумабаева Э.А.

**Мүчөлөрү:**
Кадыралиева В.А, Сатымкулова Ф.А, Эргешова О.К, Каримов Д.З., Хамракулова Ш.Х. Каримов Н.Н., Абдураимова Г.У.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Окуу процессинин жүрүшү, окуу жайдан чыгаруу жөнүндө (Сатымкулова Ф.А.)
2. Тарбия иштердин жүрүшү, тартип бузган студенттерди окуу жайдан чыгаруу жөнүндө (О.К. Эргешова).
3. Жылытуу системасынын учурдагы абалы, кошумча оңдоп түзөөлөр жөнүндө (Каримов Н.Н.)
4. Ар түрдүү маслелер
    1) Усулдук иштердин жүрүшү жөнүндө (Джумабаева Э.А.)
    2) Кадрдык түзүмдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө (Хамракулова Ш., Садирова Ж.А.)
    3) Үнөмдөлгөн акча каражаты, жана сыйлоолор жөнүндө.(Каримов Д.З.)
    4) КАКтын 3-курсунун студенттеринин калдык билимин текшерүү максатында онлайн тест жүргүзүүнүн отчету жөнүндө.(Ф.А.Сатымкулова)
    5) Мониторинг жүргүзүүнүн жобосун кошумча , алымчалар менен толуктап бекитүү жөнүндө.(Э.А.Джумабаева)

УГУЛДУ:

**1-маселе боюнча** Сатымкулова Ф.А. төмөнкүлөргө токтолду: күндүзгү окуу жана сырттан окуу формасы боюнча негизинен 2- курстардын сабактары бүттү, экзамендик графиктери коюлду. Кийинки жумадан 3-курсттардын экзамендик графиги бекитилди.

Күндүзгү окуу бөлүмү боюнча сабакты көп үзгүлтүккө учураткан 16 студент боюнча маалымат берди.

**2-маселе боюнча** Эргешова О.К. сүйлөдү: тарбиялык иштер өз нугунда жүргүзүлүп жаткандыгын, кураторлук саатар өтүлүүдө, тартип бузган студент РНГМ 1-22

Ахуналиев Курманбек менен жекече иш алып барылды, ата- энеси чакырылып, ага түшүндүрүү иши жүргүзүлдү. Кочкор- Ата шаардык милиция бөлүмүнүн Жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө инспектору Кыргызбаев Амантур келип, хизбут-тахир, суицид боюнча, диний экстремизм боюнча иш- чара өткөрүлүп, студенттер менен жолугушуу болду.

**3-маселе боюнча** Жылытуу системасынын учурдагы абалы, кошумча оңдоп түзөөлөр жөнүндө Каримов Н.Н. төмөнкүлөрдү билдирди: окуу корпусунун аудиторияларынын учурдагы температурасы $17^0$ С - $20^0$ С га чейин болуп жатат.бирок күн суук болуп кетсе, имарат муздап кетет, ошондуктан утурумдук ремонт иштерин жургүзүп туруу керектигин билдирди.

**4-маселе боюнча** Усулдук иштердин жүрүшү жөнүндө Джумабаева Э.А. сүйлөдү, мында усулдук иштердин абалы боюнча маалымат берди, окутуучулардын сабактары боюнча сунуштарды айттып өттү, ачык сабактар өтүлбөй жаткандыгын билдирди, экинчи жарым жылдыкта ачык сабактар боюнча кайрадан иш алып барыларын айтты. Январь айына окутуучулардын арасында атайын окуулар боюнча иш планда каралганын билдирди.

**5-маселе боюнча** Кадрдык түзүмдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө Хамракулова Ш., Садирова Ж.А. төмөнкүлөргө токтолуп өттү: Кубатбек уулу Турсун ден соолугуна байланыштуу келбегендиктен, анын сабактарын Аманов Максат өттү.

**6-маселе боюнча** Үнөмдөлгөн акча каражаты, жана сыйлоолор жөнүндө Каримов Д.З. сүйлөдү: үнөмдөлгөн акча каражаты бар, окуу жылындагы жетишкендктерди эске алып, тиешелүүлөр сунуштарын беришсе, ошого карап сыйлоо каражаттарын карап көрүлүшүн айтты.

**7-маселе боюнча** Ф.А. Сатымкулова токтолду: Адистиктер боюнча тиешелүү окутуучулар тарабынан тесттер түзүлүп, убагында алынды жана жыйынтыгы чыгарылды.

Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (графика жана дизайн) адистиги боюнча студенттердин катышуусу 78,9 пайыз, ал эми билим сапаты 73,7 пайызды көрсөттү.

Башталгыч класстын мугалими адистиги боюнча катышуусу 88,9 пайыз, билим сапаты боюнча 63,9 пайыз.

Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча катышуусу 100 пайыз, билим сапаты 66,7 пайыз.

Мунайзат жана газ чыккан жерлерди эксплуатациялоо адистиги боюнча катышуусу боюнча 1- группасы 92,3 жана 2- группасы 4,6 пайыз, билим сапаты 1-группа 77 пайыз, 2-группа 55,5 пайыз

Нефтини жана газды кайра иштетүү адистиги боюнча катышуусу 100 пайыз, билим сапаты 66,7 пайыз

Транспорттордун электр жабдыктарын жана автоматикасын тейлөө адистиги боюнча катышуусу 100 пайыз, билим сапаты боюнча 50 пайыз

Экономика жана бухгалтердик эсеп-кысап адистиги боюнча катышуусу 100 пайыз, билим сапаты 81,8 пайыз

Мунайзат жана газ кендерин бургулоо адистиги боюнча катышуусу 100 пайыз, билим сапаты 75 пайызды түздү.

Мониторингге жалпы 9 тайпадан 156 студент катышуу керек эле катышкандардын саны **142** студентти түзгөн. Жалпы катышуу **91%** түзөт. Ал эми абсолюттук жетишүү **90,4%**, сапаттык жетишүү **67,3%** түзгөн (Таблица №1) таблицада көрүнүп тургандай мониторингге 8 адисттик боюнча 3 курстун 142 студенти катышкан.

Жыйынтык көрсөткөндөй студенттердин катышуусу жакшы, ал эми билим сапаты 50 пайыздан жогорку көрсөткүчкө жетишкен.

**8-маселе боюнча** Мониторинг жүргүзүүнүн жобосу боюнча Э.А.Джумабаева толук маалымат берди, ага толуктоолор менен педагогикалык кеңешке алып чыгуу сунушталды.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап административдик кеңеш төмөнкүдөй ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Шейшемби, жекшемби күндөрү жылытуу системасындагы кемчиликтер жоюлсун, көзөмөлдөө Н.Н.Каримовго калтырылсын.
2. Сатымкулова Ф.А. билдирүүсү эске алынып, тизмедеги студенттер окуу жайдан чыгарылсын.
3. Модулдун жобосуна өзгөртүү киргизүү жагы Ф.Сатымкуловага милдеттендирилсин.
4. Январь айына атайын окуулар уюштурулсун, жооптуу Э.Джумабаевага жүктөлсүн.
5. Кубатбек уулу Турсунга акы төлөө токтотулсун, буйрукту даярдоо жагы Ш.Хамракуловага милдеттендирилсин.
6. 3-курстардан алынган тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча билим сапаты "канааттандыраарлык" деп белгиленсин.
7. 3-курстардан алынган тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча билим сапаты "канааттандыраарлык" деп белгиленсин.
8. "Программалоо жана алгоритмдештирүүнүн негиздери", "Педагогика", "Баланын сүйлөөсүн өнүктүрүүнүн теориясы жана усулу", "Мунай менен газды ташуу жана сактоо", "Нефти жана газдын химиясы жана технологиясы", "Автоунаалардын түзүлүшү", "Экономика жана бухгалтердик эсеп" предметтери боюнча экинчи жарым жылдыкта кошумча сабактар коюлуп, жаңы усулдар менен тереңдетип окутуу предметтик окутуучуларга милдеттендирилсин.
9. "Экономика жана бухгалтердик эсеп" предмети, анын тарыхы, өнүгүшү боюнча студенттер арасында тегерек стол өткөрүү Ф.Момбаевага милдеттендирилсин.
10. "Программалоо жана алгоритмдештирүүнүн негиздери" предмети боюнча студенттер арасында интерактивдүү досканы колдонуу менен көргөзмөлүү сабак өткөрүү Д.Исмаиловага милдеттендирилсин.
11. Мониторинг жүргүзүүнүн жобосу педагогикалык кеңешке сунушталсын.

Кеңештин төрайымы Б.С Назарбаева

Катчысы Э.А.Джумабаева